**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г.Бишкек, ул. Фрунзе 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

09.12.21 № 1/А-417
27.11.2021-ж. № 09-08/1384 катына

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-08/5158
« 09 » 12 2021 ж/г

**Кыргыз Республикасынын
шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын
төрагасынын орун басары
Т.У. Шайназаровго**

**Урматтуу Тынчтык Урайимович,**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан, №35 Ак-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Т.Абдылдаевдин арызы каралып чыгып, төмөнкүлөр аныкталды.

2021-жылдын 15-ноябрында Т.Абдылдаев №35 Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрайымы Хан Зулфияга арыз менен кайрылып, анда 2021-жылдын 12-ноябрында Каракол шаарында жайгашкан “Хан Теңири” тойканасында өтүп жаткан Каракол шаарындагы драм театрынын жетекчиси К.Абдырахмановдун 50 жылдык маареке тойуна, кадырлуу меймандар катарында областын жетекчиси, райондун жетекчилери жана орун басарлары менен катышып, тойду алып баруучу тамада “тойдун башкы демөөрчүсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер Түмөнбаев Акылбек Тогузбаевич” деп жарыялагандыгы тууралуу билдирген.

2021-жылдын 16-ноябрында Т.Абдылдаевдин арызы Каракол шаардык ИИБнин МЭЖне №02-016-2021-002398 саны менен, ал эми 2021-жылдын 17-ноябрында аталган бөлүмдүн КЖБРне №03-016-2021-002142 саны менен катталып, Кыргыз Республикасынын Жазык-кодексинин 191-беренесинин 1-бөлүгү менен сотко чейинки өндүрүш иши ачылган.

Аталган өндүрүш иши боюнча тергөө жүргүзүү алкагында иштин жагдайлары боюнча күбө катары 2021-жылдын 12-ноябрында Каракол шаарында жайгашкан “Хан-Теңири” тойканасында 50 жылдык маарекесин өткөргөн К.Абдырахманов, “Хан-Теңири”

тойканасынын администратору А.Нурбекова, тойдо тамада катары кызмат кылган А.Биймырза уулу, тойго сыйлуу конок катары чакырылган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер А.Каниметов, Түп райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы К.Алиев, Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы М.Насиров жана Каракол шаарынын мэри Э.Джумаев өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө өткөрүлүп жаткан маарекенин демөөрчүсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер А.Түмөнбаев экенин угушпагандыгын, тойдо шайлоо тууралуу, үгүт иштерин жүргүзүү боюнча же болбосо шайлоочулардын добуштарын сатып алуу тууралуу сөз айтылбагандыгын көрсөтүшкөн.

2021-жылдын 21-ноябрында сотко чейинки өндүрүштүн жыйынтыгы менен, Каракол шаардык ИИБнин Тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде, өндүрүш ишин кыскартуу чечими кабыл алынган.

Арыз ээсине жооп жиберилди.

**Урматтоо менен,**

**Министрдин орун басары** **Э. Аширходжаев**

С.Аманбаев, Тергөө кызматы, 266146

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИ**

**ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

З/№ А-488 «08» 12. 2021-ж.

**Т.Абдылдаевге**
*Ысык-Көл облусу, Ак-Суу району*

Кыргыз Республикасынын ИИМдин Тергөө кызматы тарабынан Сиздин, №35 Ак-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер А.Түмөнбаевге карата жазган арызыңыз каралып, төмөндөгүлөр аныкталды.

2021-жылдын 16-ноябрында Сиздин арызыныз Каракол шаардык ИИБнин КЖБРне №03-016-2021-002142 саны менен катталып, Кыргыз Республикасынын Жазык-кодексинин 191-беренесинин 1-бөлүгү менен сотко чейинки өндүрүш иши ачылып, тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлгөн.

2021-жылдын 21-ноябрында сотко чейинки өндүрүштүн жыйынтыгы менен, Каракол шаардык ИИБнин Тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде, өндүрүш ишин кыскартуу чечими кабыл алынган.

Кабыл алынган чечим тууралуу, Каракол шаардык сотуна же прокуратурасына кайрылууга мүмкүн экендиги сизге түшүндүрүлөт.

**Бөлүмдүн начальниги** **С. Макилов**

С.Аманбаев, 266146